DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

## ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PHILOLOGICAL SCIENCES

*Алибаев А., Абдылдаева А.А.*

# КЫРГЫЗДАР ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА БАЯН

*Алибаев А., Абдылдаева А.А.*

# КРАТКОЕ СВЕДЕНИЕ О КЫРГЫЗАХ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*A. Alibaev, A.A. Abdyldaeva*

# BRIEF INFORMATION ABOUT THE KYRGYZ AND THE KYRGYZ LANGUAGE

*УДК: 8.80*

*Бул макалада кыргыздардын тилин сөз кылуудан мурда, алардын улут болуп калыптануусундагы басып өткөн жолдоруна байланыштуу белгилүү окумуштуулардын кыргыздардын калыптануусуна, өсүп-өнүгүүсүнө байланыштуу илимий көз караштары, божомолдору азын-оолак кыскача камтылган. Макалада башка окумуштуулар менен катар, айрыкча тарых илимдеринин доктору Ю.С. Худяковдун: кыргыздардын тарыхый тагдырлары тууралуу ой-пикирлерине өзгөчө орун берилген. Анын кыргыздар тууралуу: "Алардын бойлорунун орточосу 2 метрдей болгондугу белгиленет. Кээ бир окумуштуулар аларды б.з.ч. IV кылымда Европадан ооп келишкен тагарлар дешсе, кээ бир окумуштуулар аларды кытай тарых жазмаларындагы динлиндер дешет" - деген илимий пикирлери өтө баалуу түшүнүктөрдү камтыйт. Макалада Орхон өрөөнүнөн табылган (Монголия) чоң таштарга чегилип жазылган жазуулар байыркы түрк жазуулары эмей эле, накта байыркы кыргыз жазуулары болгон болуш керек - деген ой-пикирлер айтылат. Авторлор кыргыз тилинин калыптануусун жана өсүп-өнүгүүсүн үч доордук мезгилге шарттуу түрдө бөлүп көрсөтүшөт жана кыргыз тилине байланыштуу анча чечилбей келе жаткан көйгөйлөрдү ыр саптарында чагылдыруу менен макаланы жыйынтыкташат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыздар, кыргыз тил, тарых, эстеликтер,окумуштуулар, маданият, кылым.*

*Прежде чем обсуждать кыргызский язык, в этой статье дается краткий обзор научных взглядов и предположений известных ученых о формировании и развитии кыргызского народа в связи с его формированием как нации. В статье вместе с другими учеными, особое внимание уделяется в первую очередь взглядам доктора исторических наук Ю.С. Худякова в котором даны на исторические судьбы кыргызского народа. О кыргызах он сказал: .... «Отмечается, что их средний рост составляет около 2 метров. Некоторые ученые датируют их первым веком до нашей эры. В IV веке их называли тагарами, а некоторые ученые называют их динлинами в китайских исторических записях». В статье предполагается, что обнаруженные в долине Орхон (Монголия) большие каменные надписи были не древнетюркскими, а настоящими кыргызскими надписями. Авторы условно делят становление и развитие кыргызского языка на три эпохи времени и завершают статью, отражая в стихах нерешенные проблемы, связанные с кыргызским языком.*

***Ключевые слова****: кыргыз, кыргызский язык, история, памятники, ученые, культура, век.*

*Before discussing the Kyrgyz language, this article provides a brief overview of the scientific views and assumptions of famous scientists about the formation and development of the Kyrgyz people in connection with its formation as a nation. In the article, together with other scientists, special attention is paid primarily to the views of doctor of historical sciences Yu.S. Khudyakov in which are given on the historical fate of the Kyrgyz people. About the Kyrgyz, he said: .... "It is noted that their average height is about 2 meters. Some scholars date them to the first century BC. In the 4th century they were called Tagars, and some scholars call them Dinlins in Chinese historical records. " The article assumes that the large stone inscriptions found in the Orkhon valley (Mongolia) were not ancient Turkic, but real Kyrgyz inscriptions. The authors conditionally divide the formation and development of the Kyrgyz language into three epochs of time and conclude the article by reflecting in verse unsolved problems associated with the Kyrgyz language.*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***Key words:*** *Kyrgyz, Kyrgyz language, history, monuments, scientists, culture, century.*

Кыргыз тили жөнүндө сөз кылууну, кыргыз тарыхын анын ичинде кыргыз тилин изилдеген окумуштуулардын ой пикирлеринен баштасак.

Тарых илимдеринин доктору Өмүрбек Караев өзүнүн, «Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жөнүндө» - деген эмгегинде төмөндөгүдөй маанидеги маалыматтарды берген.

1889-жылы М.Н. Ядринцев биринчи жолу Орхон өрөөнүнөн (Монголия) чоң таштарда чегилген көп эстеликтерди тапкан. Анын көчүрмөсүн В.В. Радлов башчылык кылган атайын экспедиция тартып келген. Монголиядан байыркы рун жазууларын Д.А. Клеменц, Е.Н. Клеменц (1883-1895-жж.) ачышкан. Бул эстелик жазуулар табылган өрөөндүн атынан бул жазуулар «Орхон-Енисейлик же байыркы түрк жазуулары» - деп аталып калган.

Тарых илимдеринин доктору Ю.С. Худяков, өзүнүн «Сабля Багыра» деген китебинде Минусин (Миң-Суу) ойдуңдарына, Алтай тоо бөскөөлөрүнө, Монголиянын жана Туванын мейкин түздүктөрүнө ар кайсыл доорлордо, ар кандай элдердин башка бир жактардан келип отурукташып тургандыгын белгилейт.

Алардын ичинде европеиддик кебетеде, бойлору узун темир иштетүүчү элдер болуп, алар канжарларды, бычактарды темирге алтын чегилген ар түрдүү буюм – тайымдарды жасашкан.

Алардын бойлорунун орточо 2 метрдей болгондугу белгиленет. Кээ бир окумуштуулар аларды биздин заманга чейинки IV кылымда Европадан ооп келишкен “тагарлар” дешсе, кээ бир окумуштуулар аларды кытай тарых жазмаларында сакталып калган динлиндер дешет. «По обмену динлинов, горбоносых, рыжеволосых и голубоглазых, китайцы изображали демонов своих древних мифах» [1, 342,346,359-бб.].

Биз Грумм-Гржимайлонун пикирине көбүрөөк кошулаар элек. Себеби, динлиндер тарых санжыраларында дал ошол эле аймактарда турукташкан.

«Люди тагарской культуры жили в Минисунской котловине и заселялись так плотно, что черепки разбитых или глиняных сосудов встречаются по всюду на пашнях, на дорогах, на увалах и склонах холмов. Выбитые им рисунки сохранились на многих скалах и плитах оград» [2, 187-196-бб.].

Тагар маданиятындагы элдер өздөрүнүн көптүгүнө жана согушчандыгына карабай биздин заманга чейинки III кылымдын акырында Бүткүл Орто-Азияны багындырып алган Хунн державасы тарабынан багындырылган. Хунндар Алтайдан Тянь-Шань, Байкал, Манчжурия жана Улуу Кытай тосмодубалына чейинки элдерди багынтып турган. «Среди этих племен в 201 году до нашей эры китайские летописи впервые упоминают кыргызов, названных китайским словом «гяньгунь» или «цэяньгунь» [3, 50-б.].

Ушул мезгилден тарта кыргыздар кытай, кийинчерээк араб, перс, грек, тибет маалымат булактарында эскертиле баштаганын билебиз.

Биз жогоруда «Орхон-Енисей» жазууларын окумуштуулар байыркы түрк жазуулары – деп атагандыктарын белгилегенбиз. Ошого улай төмөндөгү окумуштуу, тарых илимдеринин доктору, Байыркы Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын элдерин изилдөөчү Ю.С. Худяковдун оюн угуп көрүңүз. «Название кыргызов древнее на несколько столетий, чем само слово «тюрки», по имени которых получила наименование вся языковая семья» [4, 28-б.].

Демек Орхон өрөөнүнөн табылган (Монголия) чоң таштарга чегилип жазылган жазуулар байыркы түрк жазуулары эмей эле, накта байыркы кыргыз жазуулары болгон деп айтууга толук негиз бар.

Эми кыргыз тилинин калыптануу жана өнүгүү доорлоруна өзүбүздүн азын-оолак ой пикирибизди билдирсек.

Кыргыз тилинин калыптануу жана өсүп-өнүгүү доорлорун биз үч мезгилге бөлүүнү туура көрөт элек, жана аны төмөндөгүдөй түзүлүштө элестетебиз.

I. 1917-жылы түзүлгөн «Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейинки мезгил;

II. СССРдин курамындагы мезгил;

III. 1991-жылы эгемендик алып Кыргыз Республикасы болуп түзүлгөндөн кийинки мезгил.

Биз II жана III доордогу мезгилдерге бир аздан токтолууну туура көрдүк.

СССРдин курамында болуп кыргыздардын 1924-жылы Автономиялык, 1936-жылы 15 республиканын бири катары Республикалык статус алгандыгы, бул кыргыздардын кылымдардан бери эңсеп жетпей келе жаткан өтө чоң бактысы болгон - деп айтышыбыз керек.

Мамлекеттик түзүмгө жетишүү менен гана улуттук идеологиябызды, анын ичинен тилибизди, дилибизди салт-санаабызды, үрп-адаттарыбызды өнүктүрүүгө мыйзамдуу жол ачылды. Илимге, билимге ээ болдук. Кыргыз интеллигенциясы калыптанып, өсүү-өнүгүү процесстери жолго коюлду.

СССРдин мезгилинде тилге, улуттук салт санаага кандайдыр бир деңгээлдерде чек коюлуп турду. Себеби орток тил болгон орус тилин өнүктүрүүгө өзгөчө

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



артыкчылыктар берилди. Аны түшүнүү менен кабылдаш керек. Кытай басып алса деле ошентмек. Бирок Кытай кийин эгемен мамлекет кылып бөлүп чыгарып коймок эмес. Бул нерсени өзгөчө белгилеп кетүү зарыл.

Үчүнчү мезгилде өзүбүзчө түтүн булатып, өзүбүзчө эгемен мамлекет болгон мезгилибиз 30 жылга чукулдаса да өз эне тилибизди өз деңгээлинде өнүктүрө албай келе жаткандыгыбыз өтө өкүндүрөт. Ушуга байланыштуу Абдыганы Алибаевтин төмөндөгү жазган ырын берүү менен макаланы жыйынтыктайлы.

**Эне тил ыйда турат**

Акылың билим менен,
Абалың тилиң менен.
Улуттук тил болбосо,
Улуусуң кимиң менен?!

Өзөктү бурап, бурап,
Өз тилиң ыйда турат.
Өтүгүн төрлөргө илип,
Өзгө тил сыйда турат.

Көңүлдөр кызып келет,
Көйгөйлөр кычып келет.
Кулга окшоп өз үйдө өз тил,
Куйругун кыссып келет.

Кыргызча сүйлөбөгөн,
Кыргызды уга алабы?
Кыргыздын рухун билбес,
Кыргызстан кура алабы?

Өзгөчө жыйындарды,
Өзгө тил башкарууда.
Эне тил өгөйлөнүп,
Эшиктен баш багууда.

Кыргыздан колдоо сурап,
Кыргыз тил ыйбаа турат.
Кыргыздын короосунда,
Кыргыз тил ыйда турат.

Мен, менмин дегендер ээй,
Мекенчил болбойбузбу?!
Өз тилди өгөйлөп биз,
Өзүбүз кордойбузбу?!

Эне тил саясатын,
Эми биз жолдойбузбу?!
Кыргыз тил, кыргыз дилди,
Кыргыздар оңдойбузбу?!

**Адабияттар:**


1. Грумм-Гржимайло Г.Е. «Почему китайцы рисуют демонов рыжеволосами?» Журнал Министерства народного просвещения 1999. И. ССС XXII. №6. Отд. 2. - С. 342, 346,359.
2. Грязнов М.П. «Тагарская культура». История Сибири. - Л., 1968. - Т.1. - С. 187-196.
3. Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. - М.-Л., 1950. - Т.1. - С. 50.
4. Худяков Ю.С. СобляБагыра. Вооружение и военное искусство средневековых кыргызов. - М.: Изд. «Филоматис», 2003. - С. 28.
5. Кыргыздар. - Бишкек, 2003.